КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
К. КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда

УДК:811.512.154:811.111-26 (575.2)
(043.3)

Сооронкулова Назира

АНГЛИС ТИЛИНЕН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КАБЫЛ АЛЫНГАН СӨЗДӨРДҮН ФОНЕТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча
филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

БИШКЕК – 2021

Диссертациялык иш И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университетинин англис тилинин теориясы, технологиясы жана практикасы кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчи: **Кадырова Шарыйпа** - филология илимдеринин доктору, доцент

Расмий оппоненттер:

Жетектөөчү мекеме:

Диссертациялык иш 2021-жылдын _____ саат _____ И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10. 19. 594 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., И.Раззаков көчөсү, 51А. http: www. arabaev.kg

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., Раззаков, көчөсү, 51А) жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин (720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов проспектиси, 27) илимий китепканаларынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын _____жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, филология
илимдеринин кандидаты, доцент **Каратаева С. К.**

ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Изилдөөнүн актуалдуулугу. Тилдердин өз ара карым-катнашы азыркы тил илиминдеги татаал табияттуу жана кызыгууну жараткан маселелердин катарында турат. Атап айтканда, элдердин коомдук турмуштун ар кандай тармактарындагы (саясий, соода, маданий ж.б.) байланыш-катыштары, биринчи кезекте, алардын тилдеринин өз ара карым-катнашка тийгизген таасири менен коштоло тургандыгы талашсыз. Тилдердин мындай өз ара аракетке кирүүсү жана ал аракеттердин натыйжасында өзгөрүүлөргө учурашы, тарыхый жана тилдик себептерден улам эки же андан көп тилдер үчүн орток тилдик элементтердин пайда болуусун изилдөөдө ачык көрүнөт. Тигил же бул тилдин лексикалык курамындагы чет тилдеринен кирген сөздөрдүн табияты, кабыл алынган тилдин системасына ыңгайлашуу деңгээли жана бөтөнчөлүктөрү тилчи-окумуштуулардын кызыгуусун жаратып келгендиги маалым. Анткени мындай сөздөр тилдин лексикалык корунун басымдуу бөлүгүн түзүү менен, кабыл алынган тилге ыңгайлашуу процессинде рецептор тилдин системалык кубулуштарын бузулууга таасирин тийгизет. Мындай тилдик процесстер тигил же бул тилдин лексикалык курамындагы кабыл алынган сөздөрдү диахрондук өңүттөн иликтөө ишинде даана байкалат. Тагыраак айтканда, конкреттүү бир тилдеги тилдик элементтердин башка тилдерге кабыл алуу процессинде алардын тыбыштык түзүлүшүнүн, кээде маанисинин дагы өзгөрүү динамикасын көрүү жана түшүнүү үчүн ортомчу тил менен рецептор тилдин тилдик ярустарындагы системалык катыштарды аныктоо зарылдыгы келип чыгат.

Бул актуалдуу багытка, анын жалпы идеяларына, принциптерине жана ыкмаларына тил илиминде чет өлкөлүк, россиялык жана ата мекендик бир топ көрүнүктүү фонетистер И.А. Бодуэн де Куртене (1914), В.И. Кодухов (1963), Н.С. Трубецкой (1967), У. Вайнрайх (1974), Л.В. Щерба (1974), В.Д. Аракин (1972, 1989), Г.П. Торсуев (1977), Н.Д. Светозарова (1982), С. Арнольд (1986), С. Ю. Кравченко (2000), А.О. Орусбаев (1991), Т. Садыков (2006), Ж.К. Сыдыков (2007), Ш. К. Кадырова (2008), Ч.С. Тулеева (2008), Ж. Дуйшеев (2010), Ы. Чанаков (2011), Д. Кадыралиева (2014), К.Т. Токтоналиев (2015) карашкан.

Кабыл алынган лексикага байланыштуу жазылган илимий эмгектерде көбүнесе, кабыл алынган сөздөрдүн ички структурасына басым жасалып, ал эми алардын кабыл алуусу фонетикалык маселелери, асыресе, акцентке байланышкан жагы үзүл-кесил изилденип, же такыр эле көз жаздымда калып келатат. Демек, бир тилден экинчи бир тилге тилдик каражаттардын кабыл алуусу фонетикалык маселелерин жана өзгөчөлүктөрүн кыргыз тилинин материалдарынын негизинде изилдөөнүн зарылдыгы биз тандап алган теманын **актуалдуулугун** айгинелейт.

Жогоруда сөз болуп өткөн зарылдык аркылуу шартталган маселелер, атап айтканда, кыргыз тилине чет тилдеринен кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, акценттик структураларын, алардагы басымдын позициялык мүнөздөмөлөрүн

этимон тилдеги варианттар менен салыштыруу өңдүү практикалык маселелер изилдөөнүн актуалдуулугун шарттайт.

Диссертациянын илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Манас таануу жана лингвистика институтунун Англис тилин окутуунун технологиясы, теориясы жана практикасы кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Кыргыз тилине кабыл алынган лексикалык бирдиктерге фонетикалык деңгээлде илик жүргүзүү менен, алардын кыргыз тилиндеги тыбыштык курамы жана англис тилиндеги этимондорунун тыбыштык түзүлүшүндөгү бөтөнчөлүктөрүн салыштырып, лексикалык бирдиктердин ар кандай социалдык топтор тарабынан айтылышындагы тенденцияларды жана варианттарды аныктоо изилдөөнүн негизги максаттарынын бири.

Изилдөөдө коюлган бул максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** алдыга коюлган:

-лексикалык кабыл алуунун жалпы теориясынын алкагында кабыл алынган лексикадагы адаптация процессинин ролун жана ордун аныктоо;

-кабыл алынган лексиканын структурасын бир нече тилдик деңгээлде эксперименталдык-салыштырма планда изилдөө:

а) фонемалык (фонемалардын курамы жана дистрибуциясын аныктоо);

б) акценттик (басымдын позициялык мүнөздөмөсүн берүү);

в) лексика-семантикалык салыштыруу;

-этимон сөздөр менен салыштыруу аркылуу кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, ошондой эле акцентик структурасындагы өзгөрүүлөрдү аныктоо.

-социолингвистикалык эксперименттин негизинде кабыл алынган лексиканын жандуу кеп агымында колдонулган варианттарын аныктап алуу менен, кабыл алынган лексикалык каражаттардын кыргыз тилинде сүйлөгөн кеп маданияты ар кандай деңгээлдеги адамдар тарабынан колдонулуш тенденцияларын бөлүп көрсөтүү.

Иштин илимий жаңылыгы. Социолингвистикалык эксперименттин негизинде англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн реципиент тилдин фонетикалык системасына ассимиляцияланыш тенденциялары, басымдын мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болушу алгач ирет илимий жактан сыпаттоого алынышын иштин илимий жаңылыгы катары белгилөөгө болот. Мындан тышкары кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, асыресе, акценттик варианттарын иликтөөнүн негизинде реккуренттүү деп табылган варианттардын сунушталышын да кошумчалоого болот.

Коргоого коюлуучу жоболор:

- Англис жана кыргыз тилдеринин типологиялык системасынын, өзгөчө фонетикалык жана акценттик бөтөнчөлүктөрүнөн улам, кабыл алынган лексика реципиент тилде бир нече варианттарда айтылып, ал эми орток деп эсептелген варианттар узустук туруктуулукка ээ эмес. Андыктан төл лексикадан айырмаланып, кабыл алынган лексика үчүн акцентуациянын так эрежелери иштелип чыга элек.

- Англицизмдердин кыргыз тилине кабыл алынышында алардын акценттик структураларынын өзгөрүүлөргө учурашынын олуттуу себеби катары кыргыз тилинин ички системасына байланышкан факторлорду талдоо.

- Массалык-маалымат каражатары кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн сөздүк запасын англис тилинен кирген сөздөр менен толуктап турган негизги булактын ролун аткаруу менен, ошол эле учурда англис тилинен кирген сөздөрдөгү акценттик компоненттин калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизүүсүн аныктоо.

- Басымдын кабыл алынган сөздөрдүн тигил же бул муунуна коюлушунда адамдын кеп маданиятынын деңгээли, кесиби, англис тилинде сүйлөй алуусу же албоосу жетектөө ролундагы факторлордун милдетин аткаруусун далилдөө.

Диссертациялык иштин методологиялык базасын XX-кылымдын 30-жылдарынан баштан англис тилин изилдеген эмгектерден тартып, советтик көрүнүктүү окумуштуулардын изилдөөлөрү Н.С. Трубецкой (1960), Л.В. Щерба (1963), В.И. Поставалова (1972), А.А. Абдуазизов (1974), А.А. Реформаторский (1970), Ж. К. Сыдыков (1984), В. Д. Аракин (1989), азыркы герман тилдеринин фонетикалык системасын талдоого алган илимий эмгектер И.Г. Торсуева (1953), В.Я. Плоткин, (1976), А.Л. Трахтерев (1976), Н.Д. Лукина (1985), И.С. Тихонова, (1991), азыркы агглютинативдик кыргыз тилинин фонетикалык системасын изилдөөгө алган эмгектер И.А. Батманов (1963), Т.К. Ахматов (1968), А.О. Орусбаев (1974), Р. Чанаков (1980), К. Ш. Кадырова (1988), Ж.К. Сыдыков (1990), Т. Садыков (1992), герман жана англис тилинин фонетикалык системасын кыргыз, же башка турк тилинин фонетикасы менен салыштырылып изилденген эмгектер Гатиатуллина (1973), А.К. Шаменова (1974), Дж. Буранов (1983), Д.Х. Бакеева (1985), А. Ибраев (1986), А.М. Аязбаева (2006), А.Н. Нурахманов (2007), кыргыз тилинин фонетикасын орус тилинин фонетикасы менен салыштырып изилдеген эмгектер Машакова (1985), Д.Ж. Кадыралиева (1997), Н.К. Салахитдинова (2002), Ж.К. Сыдыков (2008) түздү.

Иштин теориялык жана практикалык мааниси. Кыргыз тилине англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн акценттик структурасын изилдөөнүн жолдорун, ошону менен эле катар алардын фонетикалык жактан адаптацияланышындагы айрым бир тенденцияларды эксперименталдык-салыштырма анализдин негизинде аныктоо аракетинен алынган илимий жыйынтыктарды изилдөө ишинин теориялык мааниси катары сыпаттого болот. Өз кезегинде, мындай жыйынтыктар

чет тилинен кабыл алынган сөздөрдүн реципиент тилге фонетикалык жактан адаптацияланышына байланышкан процесстер багытында билимдин кеңейишине жана тилдердин өз ара карым-катнашта болуу теориясындагы айрым маселелердин чечилишине шарт түзөт.

Ал эми изилдөөнүн **практикалык маанисин**, эң оболу, алынган жыйынтыктардын тилдик каражаттардын өз ара аракетке кирүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө багытындагы илимий иштерде колдонуу зарылдыгын түшүндүрүү. Мындан тышкары иште алынган практикалык маңыздагы тыянактарга таянуу аркылуу, кыргыз тилин алып жүрүүчүлөрдүн жандуу кебинде кабыл алынган сөздөрдүн айтылышына байланыштуу адекваттуу практикалык мүнөздөгү сунуштарды берүүгө боло тургандыгын баса белгилөө зарыл. Ал эми академиялык билим берүү жаатында иштин жыйынтыктарын фонетика боюнча атайын курстарда, англис жана кыргыз тилдеринин салыштырма-типологиясы, кеп маданиятынын теориясы жана практикасы курстарында пайдалануу сунушталат.

Изилдөөчүнүн жеке салымы болуп диссертациялык иштин илимий натыйжалары, алардын терең изилдениши, кыргыз тилине чет тилдеринен кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, акценттик структураларын, алардагы басымдын позициялык мүнөздөмөлөрүн айырмачылык жактарынын аныкталышы, коргоого коюлган теориялык негизги жоболор, чыгарылган корутундулар изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

Изилдөөнүн апробацияланышы. Изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары 2014-2020 жылдар аралыгында И. Арабаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде, Б.Ельцин атындагы КОСУда өткөн жаш окумуштуулардын конгрессинде, республикалык, эл аралык илимий практикалык конференцияларда баяндама түрүндө апробациядан өткөн. Изилдөөнүн материалдары чет өлкөдө жана Кыргызстандын ЖОЖдорунун лицензияланган илимий басылмаларында жарык көргөн он илимий макалада чагылдырылды.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы. Изилдөөнүн мазмунун чагылдырган 10 макала жарыяланып, анын ичинен РИНЦ индексине кирген басылмаларда Кыргызстанда 3 жана чет өлкөдө 3 макала жарык көрдү.

Иштин курамы. Иште коюлган негизги максат-милдеттерге ылайык, диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутунду бөлүмдөн, тиркемелерден жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү – 151 бет.

ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө диссертациялык иштин темасы негизделип, анын актуалдуулугуна, теориялык жана практикалык маанисине, илимий жаңылыгына, максат-милдеттерине, коргоого коюлуучу жоболорго орун берилген.

Биринчи бап “Изилдөө ишинин теориялык өбөлгөлөрү. Тилдик кабыл алуунун маселелери” деп аталып чет тилдеринен кирген сөздөрдү кабыл алуу процессине байланышкан теориялык жалпы мүнөздөгү маселелер каралат. Атап айтканда, тилдердин карым-катнашта болуу тоериясынын алкагында формалдуу адаптация кабыл алуунун жалпы процессинин бир компоненти катары каралган.

Тилдин өнүгүү тарыхында лингвистикалык ички себептер да маанилүү орунду ээлейт. Алсак, эне тилинде сүйлөгөн адамдардын кеби ар дайым бирдей эмес. Бир эле адамдын үйдө сүйлөгөнү менен көпчүлүктө сүйлөгөнү тактык жагынан айырмаланат. Өз айылындагы жергиликтүү адамдар менен байланышы чектелген кишинин сүйлөгөнүнө караганда эл кыдырган адамдын сүйлөөсүндө улуттук тилдин жалпылык элементтери көп.

Орто Азиялык түрк калктарына иран, араб сөздөрүнүн таралышы тээ байыркы доордон башталат деген божомолдоолор бар.

Жалпы тил илими жаатында башка тилдерден кирген сөздөрдүн, асыресе, диахрондук өңүттөн изилдениши кабыл алуу терминин маанисин кеңейткени менен, аталган терминдин так мааниси аликүнчө аныктала электигин баса белгилөөгө болот. Сөз болуп жаткан процесске карата ар кайсы тилчи-окумуштуу тилдик системанын өзү изилдөөгө алып жаткан өңүтүнөн туруп мамиле жасоо менен, бул терминдин маанисин ошого ылайык аныктап келет. Ошого карабастан тил илиминде сөздөрдүн реципиент тилге кабыл алуу процессин аныктоочу формалдык, семантикалык ошондой эле функционалдык белгилер бар экендиги маалым.Маселен, окумуштуу Ю.С. Сорокин кабыл алуунун төмөндөгүдөй белгилерин бөлүп көрсөтөт:

1) башка тилдерден кирген сөздөрдүн кабыл алынып жаткан тилдердин графема-фонетикалык каражаттары аркылуу берилиши;

2) башка тилдердеги сөздөрдүн кабыл алынып жаткан тилдердин грамматикалык класстарына жана категорияларына ылайык келиши (грамматикалык кабыл алуу);

3) башка тилдерден кирген сөздүн семантикалык жактан өз алдынчалуулугу, б.а. ал кабыл алынып жаткан тилдин төл лексикасында ага синонимдик катыштагы сөздүн болбоосу (эки тилдеги сөздөрдүн семантикалык жактан бирдей маанини туюндурган учурларда, эреже катары, сөздөрдү кабыл алуу зарылчылыгы жоголот);

4) адабий тилдеги сөздүн кептин экиден кем эмес жанрында колдонулушу жана терминдин белгилүү бир терминологиялык системанын ичинде туруктуу колдонулушу) [Сорокин Ю.С. Развитие словарного состава русского литературного языка. Л.,-1965ж.].

Ал эми синхрондук лексикология үчүн кабыл алынган сөздөр лексиканын системалык түзүлүшүнө таасирин тийгизген бир катар генетикалык

мүнөздөмөлөргө, өзгөчө макамга ээ тилдик факты катары кызыгууну жаратат. Синхрондук лексикологияга кабыл алынган лексиканын тийгизген таасири кабыл алуу процессине белгилүү бир бирдиктер эле эмес, булак катары эсептелген тилде өз ара карым-катнаштагы сөздөрдүн бүтүндөй топору кириптер болгон учурларда даана байкалат. Атап айтканда, мындай учурлардын катарына булак катары эсептелген тилдердеги сөздөр менен ошол эле сөздөрдүн алар кабыл алынган тилдердеги варианттарынын ортосундагы релеванттуулук, деривациялык байланыштар катары мүнөздөлгөн учурларды киргизүүгө болот.

Айталы, авторлордун басымдуу көпчүлүгү англис тилиндеги «borrowing», «borrowed word» жана «loan word» деген үч терминди синонимдер катары колдонушат [Гинзбург 1979; Арнольд 1986; Антрушина 1999; Ахманова 2004; Williams 1975; Crystal 2003; Ayto 2005; Podhajecka 2006]. У. Вайнрайх «borrowing» терминининен тышкары «transfer» терминин да пайдаланат [Вайнрайх, У. Языковые контакты: Состояние и проблемы исследования./ У. Вайнрайх - Киев: Высшая школа, 1979. - 263 с.]. “Азыркы англис тилинин сөздүгүнүн” 5-ирет басылышында «borrowing» жана «loanword» сөздөрү синонимдик катыштагы сөздөр катары берилет [Longman 2009: 1026].

Биринчи баптын экинчи параграфы “Салыштырылып жаткан тилдердеги тилдик кабыл алуулар” деп аталып, фонетикалык кабыл алуулар жөнүндө жалпы түшүнүк берилди.

Тилдик кабыл алуу ар бир тилдин лексикасынын толукталып, байып турушунун маанилүү булагы болуп саналат. Тилдик кабыл алуунун бир катар ыкмаларынын ичинен калькалоо ыкмасын да кабыл алуунун ыкмасы катары кароого негиз бар. Себеби калькалоо котормо теориясында которуунун ыкмасы катары да сыпатталап жүргөндүгү жалпыга маалым. Ал эми тилдик кабыл алуунун бир ыкмасы катары калькалоо дегенде реципиент тилде башка тилдеги тилдик туюнтмаларды сөзмө-сөз которуу жолу менен, алардын үлгүсүндө (сөздөрдүн орун тартиби, грамматикалык маанилердин да түп нускадай которулушу) жаңы сөз, сөз айкаштарын пайда кылууну түшүнүшүбүз керек [Балли Ш. Французская стилистика. – М.: Иностранная литература, 1961. – 393 б.].

Кыргыз тилинин төл лексикасына англис тилинен орус тилине калькаланып кабыл алынган бир топ сөздөр кирип, активдүү колдонууга өткөн: *инаугурация, бой-френд, секонд-хенд, силлабус, курикулум, митинг ж.б.*

Мындай тилдик тенденциянын натыйжасында кыргыз тилине интернационализм сөздөрдүн да киргендигин танууга болбойт. Бирок алар кыргыз тилинин тыбыштык системасына ыңгайлашпастан, орус тилинде кандай болсо, ошол тыбыштык калыбында кыргыз тилине кирип жаткандыгынан улам аларды баскын сөздөр катары да кароого болот. Бирок кыргыз тилинде мындай

өзгөчөлүктүн жоктугу анын орфографиялык принциптеринин бири болгон тарыхый принципке байланыштуу экендиги айрым окумуштуулар тарабынан баса белгиленет. Ал принципке ылайык, орус тилинен же ал аркылуу башка тилден кабыл алынган сөздөр орус тилинин орфографиялык эрежелерине ылайык жазылып, орус тилинин орфоэпиялык эрежелерине ылайык айтылышы керек.

Толук ассимиляцияланган жана турукташып кеткен тилдик кабыл алуулардан айырмаланып, кээ бир тил каражаттарында фонетикалык өзгөчөлүктөр жарым-жартылай сакталып калган учурлар да болот: *(garage) chaise-longue chic),* грамматикалык категориялар түрүндө (маселен, жек.сан *datum, nucleus, antenna* — көптүк сан. *data, nuclei, antennae*), семантикалык өзгөчөлүктөр (маселен, *taiga, tundra, rouble, knout* ж.б. сөздөр англис тилине орус тилинен кабыл алынган). Мындай сөздөрдү түшүндүрүп жазууда энциклопедиялык маалымат талап кылынат. Анткени башка тилден кабыл алынган сөздөр туюндурган объектилер жана кубулуштардын, маселен, орус элинин турмушундагы *taiga, tundra* өңдүү сөздөр аркылуу берилген маанилерди толук түшүндүрүү үчүн, аларды англис тилиндеги географиялык алкак, климаттык зоналар менен жакындаштырып түшүндүрүү зарылчылыгы келип чыгат: *taiga — swampy coniferous forest of Siberia, beginning where the tundra ends; tundra — treeless plain characteristic of arctic and subarctic regions.* Мындан тышкары жогоруда келтирилген акча бирдигин туюндурган *rouble* сөзүн түшүндүрүү үчүн котормо теориясында парафраза, же болбосо түшүндүрүп, чечмелеп которуу өңдүү ыкмалар колдонулгандыгын көрөбүз: rouble — see money table: 100 kopeek, Russia. Англис тилиндеги сөздөрдүн кыргыз тилинин лексикасына активдүү кирип жатышынын дагы бир себеби катары Америка маданиятынын таасирин, аны идеализациялоо тенденциясын да айтпай кетүүгө болбойт.

Биринчи баптын үчүнчү параграфында “**Тилдик кабыл алуудагы ассимиляция маселеси”** деп аталып тилдик чөйрөнүн ички талаптарына адаптацияланышы каралат. Формалдуу ассимиляциянын үч түрү бар экендиги белгиленип жүрөт: фонетикалык, орфографиялык жана грамматикалык (морфологиялык). Аталган биринчи экинчи түрдөгү ассимиляциялар бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, айрым учурларда экөөнү бириктирип кароо менен, изилдөөчүлөр кабыл алуунун “фонографемалык бөтөнчөлүктөрү” деген түшүнүктү пайдаланышат. Жалпысынан алганда, формалдуу ассимиляциянын үч түрү тең бири-бири менен өз ара карым-катнашта, аракетте болгондугу тилдин

лексикасынын системалуу мүнөзү аркылуу түшүндүрүлөт. Бирок тил илиминде ассимиляциянын баштапкы талабы катары фонетикалык ассимиляция эсептелет. Анткени калган эки талаптын ишке ашышы биринчи талапка байланыштуу экендигин окумуштуулар бир ооздон белгилешет. Ал гана эмес башка тилден кирген сөздөрдүн, туруктуу сөз айкаштарынын фонетикалык жактан кабыл алынып жаткан тилге так ыңгайлашуусу ал сөздөрдүн массалык-маалымат каражаттарында колдонулуу жыштыгынын артышына, ал эми мындай жагдай кабыл алынган сөздөрдүн тилде турукташышына шарт түзөрү талаш туудурбайт.

Кабыл алынган лексемалардын ассимиляциясын алардын этимондорунун өздөштүрүлүп жаткан тилдин ар кандай тилдик мүнөздөмөлөрүнө окшошуусу, ыңгайлашуусу катары жалпылап түшүндүрүүнүн бир нече конкреттүү аспектилери бар экендигин да айтуу зарыл. Тил илиминде окумуштуулар тарабынан мындай аспектилердин көптөгөн түрлөрү бар экендиги белгиленет. Бирок талдай келгенде бир эле аспект ар кандай терминдер менен аталып отуруп, бул жаатта терминдик башаламандык келип чыккандыгы байкалат. Кандай болгон күндө дагы, фонетикалык, морфологиялык, графикалык ошондой эле семантикалык аспектилердин дээрлик бардык изилдөөлөр үчүн орток аспектилер экендигинен күмөн саноого болбойт. Маселен, англис тилине латын тилинен кабыл алынган *“formula”* деген сөздүн аталган тилге ассимиляцияланышынын аспектилерин карап көрөбүз:

1. Бул сөздөгү фонетикалык ассимиляция аны реципиент тилде айтылышы аркылуу аталган сөздүн курамын түзгөн латын тилиндеги жети фонеманын, англис тилиндеги аларга акустикалык жана артикуляциялык мүнөздөмөсү боюнча жакын фонемалар менен алмаштырылганды менен түшүндүрүлөт. Мындай фонемалык субституция түз кабыл алуу процессинде дайыма орун алат. Мындан тышкары айрым тилдик өзөштүрүүлөрдө фонетикалык ассимиляциялар сөздүн муундук жана акценттик структурасын өзгөртүү аркылуу ишке ашат. Б.а., мындай өзгөрүүлөр муундардын санын, аны менен кошо аларга түшкөн басымдын ордун, күчүн жана мүнөзүн өзгөртөт. Бул жаатта англис тилине француз тилинен кабыл алынган сөздөрдөгү фонетикалык өзгөрүүлөргө карата color, reason, restaurant ж.б. сөздөрдү мисал келтирүүгө болот. Айрым учурларда кабыл алынган сөздөр мезгилдин өтүшү менен кабыл алынган тилдердин фонетикалык системасына ылайыкталып, ассимиляцияланат [Брофман М.В., Французские заимствования в литературном английском языке XVII-XVIII вв.: Дис. канд. филол. наук. – М. – Алма-Ата, 1958. – 279-б]. Айталы, француз тилиндеги [a] фонемасынын ордуна англис тилиндеги [eɪ] дифтонгунун келиши француз тилиндеги cannonade, lemonade, barricade ж.б. зат атоочтордун суффикстеринин айтылышында ачык көрүнөт. Фонемалык субституция кубулушунан айырмаланып, эки тилдин тиешелүү фонемаларынын ортосунда акустикалык жана артикуляциялык окшоштуктар болбойт. Мында тактоону талап кылган жагдай – мындай

өзгөрүүлөрдү ассимиляция процессинин бир бөлүгү катары кароо керекпи, же болбосо кабыл алынган сөздөрдүн убакыттын өтүшү менен кабыл алынган тилге адаптацияланышы катары кароо шартпы ? Бул суроого жооп табуу үчүн кабыл алынган сөздөрдү тилдин тарыхынын өнүгүү этаптарынын контекстинде кароо талап этилет.

2. Морфологиялык ассимиляция сөздүн морфемалык структурасын өзгөртүү менен коштолот. Маселен, *formula* деген сөз латын тилинде үч морфемалуу структурага ээ: уңгусу form-, кичирейтүү маанисин берген -ul- суффикси жана флексия. Ал эми англис тилинде бул сөз бөлүнбөс бир морфемалуу сөз катары эсептелет. Морфологиялык жактан татаал сөз башка тилге кабыл алынгандө жөнөкөй, мүчөлөнбөс сөз катары кабыл алууу көп кездешкен көрүнүш болуп эсептелет. Мындай кубулуш латын тилиндеги 10 форманын парадигматикалык деңгээлдеги ассимиляциясынан ачык көрүнөт (formula, formulae, formulae, formulam, formulā, formulae, formularum, formulis, formulas, formulis). Бул формаларда род, сан жана жөндөмө категориялары берилет. Ал эми англис тилинде аталган грамматикалык маанилердин чектелиши байкалып, атап айтканда, сан жана жөндөмө категориялары белгилүү өлчөмдө чектелген мүнөздө туюндурулат (*formula, formulas/ae, formula's, formulas'*). Мындан биз латын тилиндеги сөз формаларында туюндурулган род категориясынын, ошондой эле белгилүү өлчөмдө жөндөмө категорияларынын жоготууларга учураганын көрөбүз. Ушул өңдүү эле сөздөрдүн кабыл алуу процессинде орун алган морфологиялык ассимиляциянын жыйынтыгында ар кайсы сөз түркүмдөрүнө мүнөздүү болгон грамматикалык башка категориялар дагы өзгөрүүлөргө учурашы толук ыктымал.

3.Графикалык ассимиляция талдоого алынып жаткан formula сөзүнө релеванттуу аспект эместигин белгилөө менен, тилдик каражаттардын англис тилине жазуу аркылуу кабыл алынган сөздөрдүн графикалык ассимиляцияга кабылышына карата көп сандаган мисалдарды келтирүүгө болот. Маселен, грек тилинен photography, хинди тилинен tiffin, орус тилинен kopeek сыяктуу сөздөрдү келтирсек жетиштүү. Жыйынтыктап айтканда, графикалык ассимиляция дегенде кабыл алынган тилдик бирдиктин тыбыштык турпатын, ал кабыл алынып жаткан тилдин графикалык каражаттары аркылуу туюндурууну түшүнүшүбүз керек.

4.Семантикалык ассимиляция иликтөөдө бир топ татаалдыктарды пайда кылган аспект катары бааланат. Белгилүү болгондой, көп маанилүү тилдик бирдиктер башка тилге бир эле маанисин сактоо менен өздөштүрүлөт. Семантикалык ассимиляциянын маңызында так ушул тилдик кубулуш жатат. Ал эми ошол бир эле негизги мааниде кабыл алынган сөздүн семантикалык структурасындагы өзгөрүүлөр ассимиляциянын белгилери катарында эмес, анын өзү кабыл алынган тилдик жаңы системадагы маанисинин өсүүсү катары бааланышы шарт. Мындай пикирди иллюстрациялоо максатында formula сөзүнүн

латын жана англис тилдеринде туюндурган маанилерин салыштырып көрөбүз. Аталган сөз латын тилинде төмөндөгү маанилерди туюндурат: 1) калып, форма; 2)модель; 3) суу түтүк, канал;4) формула, норма, жобо. Ал эми англис тилиндеги маанилерин карап көрөлү: 1) формула; 2) рецепт; ымыркайга берилүүчү азыктын курамы; 3) диний догма; 4) шаблон, стереотип; 5) келишим шарттары; 6) соттук иш, процесс; 7) түзүлүш, уюшулуш; 8) образ, көрүнүш, касиет; 9) жарышка айдалуучу ылдам автоунаанын бир түрү [Дворецкий И.Х. Латинско-русский словарь. – М.: Русский язык, 2000. – 846-б.]. Мында көрүнүп тургандай, маанилери келтирилген сөздүн латын тилиндеги баштапкы мааниси “кичине форма, калып” болгон да, бул мааниси англис тилине өздөштүрүлүп, андан соң англис тилинин системасында кийинки маанилери семантикалык структурасынын өнүгүшүнүн натыйжасында пайда болгондугун белгилөөгө болот.

“Англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык жактан ыңгайлашуусу” деп аталган биринчи баптын төртүнчү параграфында чет тилинен кирген сөздөрдүн айтылышы кабыл алынып жаткан тилдеги тыбыштык жактан адаптацияланышы талдоого алынат. Сөздүк деңгээлдеги тилдик кабыл алуунун кабыл алынган тилге адаптацияланышын изилдөөдө сөздөрдүн оозеки же жазуу жолу аркылуу киргендигин эске алуу шарт. Сөздөрдүн жазуу жолу аркылуу кабыл алынышына салыштырмалуу оозеки жол аркылуу кабыл алынышында алар өзгөрүүлөргө көбүрөөк учурайт. Мындай өзгөчөлүктү сөздөрдүн угууга негизделип кабыл алынышына байланыштуу түшүндүрүүгө болот. Тагыраак айтканда, чет тилинен кирген сөздөрдүн айтылышы кабыл алынып жаткан тилдеги тыбыштык жактан аларга жакын сөздөргө окшоштурулуп айтылат. Алардын ортолорундагы акустикалык жактан болгон окшоштуктар маанилик кандайдыр бир ассоциацияларга негизделген болот.

Фонетикалык адаптация процессинин бачым жүрүшүнө кабыл алынган сөздүн тилдик карым-катнаштын тигил же бул чөйрөлөрүндө таралышы да таасирин тийгизет. Чет тилинен кабыл алынган сөз канчалык кенен жана жыш колдонулса, ал ошончолук өзүнүн этимонунан алыстайт.

Реципиент тилге чет тилдеринен сөздөр эки жол аркылуу өздөштүрүлөт: биринчи жолу – түп нуска тилден түз кабыл алуу; экинчиси – ортомчу тилдер аркылуу кабыл алуу. Мындай факт өзгөчө көңүл бурууну талап этет. Себеби реципиент тилге сөздөр ортомчу тилдер аркылуу өтсө, анда түп нуска тил эмес, ортомчу тил сөздөрдүн реципиент тилде адаптацияланыш процессине таасир тийгизет. Мисал иретинде англис тилиндеги jockey сөзү алгач француз тилине өздөштүрүлүп, андан соң англис тилине өткөндүктөн аталган сөздө басым акыркы муунга түшүп айтылат. Мындай жагдайлар конкреттүү бир тилдеги

башка тилден кирген элементтердин изилденишинде историзм приинцибинин сактоо зарылчылыгы аркылуу түшүндүрүлөт. Чет тилдеринен кирген сөздөрдүн тыбыштык формасынын динамикасын изилдөөнүн тарыхый перспективасын эске алуу реципиент тилдин системасы менен ар кандай тилдердин өз ара карым-катнашка кирүүсүндө актуалдашат, анткени алардын ортосундагы генетикалык байланыштын болуусу же, тескерисинче, болбоосу да тилдик кабыл алуу процессинде маанлүү фактор болуп калуусу талаш туудурбайт [Колесникова М.С., 1986]. Мындан тышкары тилдик кабыл алуу процессинин этимологиялык аспектисине таасирин тийгизген тышкы, экстралингвистикалык факторлордун катарына саясий, маданий жана соода байланыштарын да киргизүүгө болот. Андыктан конкреттүү бир тилдеги чет тилдеринен кирген сөздөрдүн этомологиясын изилдөөдө сөзсүз анын башка тилдер менен болгон карым-катнашынын тарыхын да эске алуу шарт.

Экинчи бап “Кабыл алынган сөздөрдүн изилдөө методдору” деп аталып, бул бөлүмдө изилдөөнүн объектиси, предмети, материалдары жана методдору жөнүндө маалыматтар берилген. Англис тилдеринен кабыл алынган лексиканын фонетикалык түзүлүшүндөгү негизги компоненттерди изилдөөдө сыпаттама, системалык анализ, салыштырма-типологиялык, социолингвистикалык анализ, лингвостатистикалык эсеп методдору жана ык-амалдары колдонулду**.** Атап атканда, салыштырма-типологиялык методдун негизинде кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, тагыраак айтканда, акценттик структурасынын мүнөздөмөсү анын англис тилиндеги прототиптерине салыштырылып иликтөөгө алынды. Ошондой эле социолингвистикалык анализ аркылуу ар кандай социалдык топтордун кебиндеги кабыл алынган сөздөргө коюлуучу басымдын позициялык мүнөздөмөлөрү аныкталды. Изилдөөдө эксперименталдык материал лингвостатистикалык методдун жардамы менен сандык катыш өңүтүнөн талданып, илимий мүнөздөгү жыйынтык, тыянактар иллюстративдик, тилдик материалдарга таянуу аркылуу чагылдырылды.

Изилдөөнүн **обьектиси** - кыргыз тилинде сүйлөөчүлөрдүн англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрү.

Изилдөөнүн **предметин** англис тилинен оозеки жол аркылуу кабыл алынып, адаптацияланган жана кептин ар кандай стилдеринде пайдаланылган сөздөр түздү.

Изилдөө ишинин материалдары катары кыргыз тилине англис тилинен оозеки жол аркылуу кабыл алынып, адаптацияланган жана кептин ар кандай стилдеринде пайдаланылган сөздөр эсептелет. Талдоого алынган материалдардын басымдуу бөлүгү массалык-маалымат каражаттарынан алынгандыгын да белгилөө зарыл: көрүүчүлөр менен угармандардын кеңири чөйрөсүнө багытталган теле жана

радио берүүлөр (жаштарга арналган программалар, маалымат жана кабар блоктору, белгилүү бир илимий темага арналган программалар), ошондой эле ар кандай кесиптеги жана курактагы кыргыз тилин алып жүрүүчүлөрдүн күнүмдүк оозеки кебинен теориялык материалдардын мазмун-маңызына ылайык үзүндүлөр алынды.

Дегеле, кабыл алынган сөздөр колдонулган бардык стилдик чөйрөлөрдү камтуу ишибиздин максаты катары коюлбагандыгын баса белгилемекчибиз. Ошондой болсо дагы ишибизде иликтөөгө алынган тилдик каражаттардын колдонулуу чөйрөсүнө карай төмөндөгүдөй стилдик чөйрөлөргө жана лексикалык катмарларга мүнөздүү экендигин көрсөтүүгө болот:

Коомдук-саясий лексика:
импичмент, спикер, брифинг, истеблишмент, сейш(е)н, саммит.

Техникалык терминдер: *пейджер, ксерокс, компактдиск (Си Ди), плеер, миксер, комбайн, чейнджер*.

Компьютердик лексика: *интернет, интерфейс, модем, ноутбук, принтер, провайдер, джойстик, картридж, драйвер, сервер, хакер, хардвер, пентиум, лаптоп*.

Экономикалык лексика: *менеджер, маркетинг, консалтинг, ноу-хау, офф-шор, риэлтер, дисконт, дилер, брокер, рекрутинг, дефолт, холдинг, мониторинг*.

Спорттук лексика: *гандикап, нокаут, нокдаун, спарринг, маунтингбайк, скейт(борд), серфинг, бодибилдинг, батерфляй, фальстарт.*

Музыкалык лексика: *саундтрек, хали-гали, рок-н-ролл, буги-вуги, мюзикл, ремикс, хард-рок, спиричуэл*.

Транспорттук каражаттар: *пикап, боинг, лайнер, скутер, катер, минивен, багги*.

Бизнес чөйрөсүндөгү лексика: *бизнес, продюсер, кастинг, клип, клипмейкер, стриптиз, имиджмейкер, блокбастер, мейк-ап, ток-шоу, шоу-бизнес, шоумен, дансинг, экшн, сталкер. ВИП (Ви Ай Пи), секс-шоп, пати*

Орток лексика: *тинейджер, дайджест, супермаркет, пикули, поп-корн, секонд-хенд, постер, бестселлер, бикини, памперс, сендвич, спонсор, бармен, коктейль, джемпер, бриджи, бекон, супермаркет, шоппинг, уик-енд, йогурт.*

Үчүнчү бап “Англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөздөрдөгу фонетикалык ассимиляциянын негизги тенденциялары” деп аталып, ал жети баптан турат. **Үчүнчү баптын** биринчи параграфы англис жана кыргыз тилдериндеги вокализм системаларын салыштыруу катары чагылдырат. Иштин бул бабында, негизинен, кыргыз тилине англис тилинен кирген сөздөрдүн фонетикалык варианттарынын синхрондуу жана диахрондуу өңүттөрдөн иликтөөдөн соң алынган жыйынтыктар сыпатталган. Тандалып алынган тилдик фактылар катары англицизмдердин фонетикалык варианттары эксперименталдык өңүттөн изилдөөгө алынып, жыйынтыктар чыгарылган.

Кыргыз тилинде 8 кыска үндүү [а], [о], [у], [и], [ы], [ө], [ү], [э] болсо, ал эми англис тилинде үндүүлөрдүн саны – 20. Фонетистердин пикиринде, англис

тилиндеги үндүүлөрдүн санынын көптүгү, аталган тилдеги үндүүлөрдүн подсистемасы эки типтүү фонемалардан тургандыгы аркылуу түшүндүрүлөт:

Атап айтканда, англис тилиндеги үндүүлөр системасы 12 монофтонгдордон: [iː], [i], [u], [uː], [e], [ə], [ɜː], [ɔ], [ɔː], [æ], [ʌ], [aː] жана 8 дифтонгдон: [ai], [ei], [iə],[eə],[ɔi],[ʊə],[əʊ],[aʊ] куралган. Үндүүлөрдүн минтип бөлүштүрүлүшү алардагы артикуляциянын туруктуулугуна негизделген. Монофтонгдорду таза үндүүлөр катары мүнөздөөгө болот. Анткени аларды айтууда сүйлөө органдарынын абалы салыштырмалуу туруктуу болот. Ал эми дифтонг мындай мүнөздөмөгө ээ боло албайт, анткени ал, өзүнүнүн табиятында татаал үндүү катары сыпатталат. Себеби дифтонгдордун айтылышы сүйлөө органдарынын эки башка абалына негизделет, башкача айтканда, сүйлөө органдарынын бир абалы акырындык менен экинчи бир абалга жылышып өтүүсү аркылуу жасалат [Кодзасов С.В., Кривнова О.Ф. Общая фонетика// Кодзасов С.В., Кривнова О.Ф. – М.: 2001].

Байыркы баба түрк тилинде да көп сандаган дифтонгдор кездешкендиги, бирок алар азыркы айрым түрк тилдеринде жок болуп кеткендиги айтылат. Маселен, А.В.Дыбонун пикиринде, байыркы баба түрк тилинде басымдын биринчи муунга түшүүсү, биринчи муундагы ар кандай дифтонгдордун пайда болуусуна өбөлгө түзгөн. Мындан айрым үндүүлөрдүн, атап айтканда, [jü] жана [и] үндүүлөрүнүн [ü] жана [i] кадыресе үндүүлөргө жарым-жартылай ыңгайлаша баштаганы туурасында жыйынтыкка келүүгө болот [Тенишев Э.Р.Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Фонетика- М.: Наука, 1984]. Жогоруда айтылып өткөндөй, кыргыз тилинде 8 кыска үндүү бар ([а], [о], [у], [и], [ы], [ө], [ʏ], [э]). Түркологдордун басымдуу көпчүлүгүнүн пикиринде, байыркы түрк тилдеринде кыска жана созулма үндүүлөр болгон. Бирок убакыттын өтүшү менен созулма үндүүлөр менен кыска үндүүлөрдүн фонемалык айырмачылылыгына негизделген фонетикалык кубулуш түрк тилдеринде гана эмес башка тилдерде да сакталып калган эмес. Тил илиминин тарыхында айрым тилдерде созулма жана кыска үндүүлөр ажыратылып каралган учурлар кездешкени менен, кийин айрым тилдерге мүнөздүү мындай өзгөчөлүктөр жокко эсе болгон [Серебренников, Б. А. О взаимодействии языков//Б. А. Серебренников// ВЯ. 1965. - «1. - с. 34-45.].

Үчүнчү баптын экинчи параграфы “Кыргыз жана англис тилдериндеги үнсүздөрдүн артикуляциялык өзгөчөлүктөрү жана алардын колдонулушу” деп аталып, кыргыз жана англис тилдериндеги үнсүздөрдүн артикуляциялык өзгөчөлүктөрү жана алардын колдонулушу талдоого алынат.

Үнсүз тыбыштардын жасалышы артикуляциялык башка белгилер менен катар жылчыктын пайда болуусу менен да коштолот. Өз кезегинде жылчык тегерек жана сүйрү формада болушу мүмкүн. Маселен, англис тилиндеги [w] тыбышынын айтылышында эриндердин катышуусу менен тегерек жылчык пайда болот. Кыргыз тилинде тилдин учку бөлүгү менен үстүңкү тиштердин

ортосунда пайда болгон жылчыктардан абанын чыгышы аркылуу пайда болгон үнсүздөр жылчыкчыл үнсүздөргө киргизилип жүрөт.

Үнсүздөрдүн артикуляциясында тоскоолдук адатта, бир эле органдын катышуусу аркылуу жасалары, башкача айтканда, тыбышты жаратуучу бир гана фокустун болуусу белгилүү болгону менен, эки органдын катышуусу менен кош тоскоолдуктун жаралышы да кездешет. Бирок үнсүздөрдүн типтериндеги айырмачылыктарды аныктоо бир артикуляциялык активдүү органдын аракети аркылуу жүргүзүлөт.

Үнсүздөрдү классификациялоонун биринчи белгиси катары Л. В. Щерба алардын жасалышында тоскоолдук жараткан активдүү кыймылдагы органды көрсөткөн. Атап айтканда, автордун классификациясында үнсүздөр эринчилдер, уччулдар, орточулдар, фарингалдуулар жана түпчүлдөр болуп бөлүштүрүлгөн.

Үчүнчү баптын үчүнчү параграфында “Кабыл алынган сөздөрдүн курамындагы палатализацияланган үнсүздөр” деп аталып англис тилинен кыргыз тилине өздөштүрүлгөн сөздөрдүн тыбыштык курамындагы айрым фонемалардын палатизацияга учуроосу же учурабай айтылышы чагылдырылат.

Англис тилинен кирген сөздөрдүн кыргыз тилине адаптацияланышына кедергисин тийгизген объективдүү факторлордун катарына англис тилиндеги фонемалардын кыргыз тилинде жоктугун да киргизүүгө болот. Маселен, англис тилине мүнөздүү [h], [w], [t], [ө], [dʒ] ж.б. фонемалар кыргыз тилинде жок. Ал эми тыбыштардын салыштырып кароодо эки тилдеги бири-бирине артикуляциялык жактан салыштырмалуу жакын үнсүздөрдү салыштырып кароо менен гана чектелебиз. Мындай фонемалар кыргыз тилиндеги айрым “инварианттар” аркылуу алмаштырылып, же болбосо инварианттар жок болуп калган учурларда этимон фонема реципиент тилдин бир нече фонемалары аркылуу туюндурулушу да ыктымал. Мындай артикуляциялык фонемалык репродукцияны англис тилиндеги төмөндөгү сөздөрдүн кыргыз жана орус тилдеринде айтылышынан көрүүгө болот: *[в] Winchester — винчестер, [уи] weekend - уик-енд, [т] thriller -> триллер.*

Үчүнчү баптын төртүнчү параграфы “Дифтонгдордун фонематикалык субституциясы” деп аталып, кыргыз тилинде фоновариантардын жаралуусунун изилдөө менен байланыштуу. Кыргыз тилинен айырмаланып англис тилинде дифтонгдордун болушу кабыл алынган сөздөрдүн адаптацияланышында бир топ кыйынчылыктарды жаратат. Анткени дифтонгдордун башка тилдердин тыбыштык мүмкүнчүлүгүнө жараша айтылышы алардын бир катар фоновариантарынын жаралышын шарттайт:

[*eɪ*],[*e*]

late[leɪt]	*let[let]*	*sail[seɪl]*	*sell[sel]*
paper[peɪpə]	*pepper[pepə]*	*trade[treɪd]*	*tread[tred]*
white[waɪt]	*wait[weɪt]*	*lied[li:d]*	*laid[leɪd]*
rice[raɪs]	*race[reɪs]*	*rise[raɪz]*	*raise[reɪz]*

Бир эле дифтонгдун бир нече фоновариантарынын пайда болуусу кабыл алуунун оозеки же жазуу жолу аркылуу ишке ашкандыгына да түздөн-түз байланыштуу. Белгилүү болгондой, оозеки жол аркылуу кабыл алуудө сөз көптөгөн өзгөрүүлөргө учурайт. Анткени башка тилден кирген сөз угулушуна карай айтылып, өз кезегинде өздөштүрүлүп жаткан тилди алып жүрүүчүлөр ал сөздү өз эне тилиндеги сөздөр менен ассоциациялык байланыштар аркылуу жакындаштырып, ыңгайлаштырып кабыл алууларына көп сандаган мисалдарды келтирүүгө болот.

Мындан башка себептерге сөздөрдүн өздөштүрүлүү мезгилин жана кабыл алынган сөздөрдүн колдонулуш жыштыгын да киригизүү шарт. Маселен, кыргыз тилине эзелтен кабыл алынып, жыш колдонулган сөздөрдүн тыбыштык турпаты этимон сөздөрдүн тыбыштык турпатынан эчак алыстап кеткени талаш туудурбайт. Маселен, англис тилиндеги *стюард* деген сөз XX кылымдан башында кабыл алынгандыгына карабай, жыш колдонулгандыгына байланыштуу тыбыштык жактан көбүрөөк өзгөрүүлөргө учураган. Ошол эле маалда *спиричуэл* деген сөз жогоруда аталган сөздөн айырмаланып, андан мурунураак, атап айтканда, XX кылымдан 70 – жылдарында кабыл алынгандүгүнө карабай, сейрек колдонулгандыгынан улам өзүнүн баштапкы тыбыштык турпатына жакын фонетикалык формасын сактап калган.

Биздин оюбузча, фоновариантардын жаралуусунун негизги себеби, англис жана кыргыз тилдеринде артикуляциялык мүнөздөмөсү бирдей айрым фонемалардын жоктугу аркылуу түшүндүрүлөт.

Үчүнчү баптын бешинчи параграфы “Англис жана кыргыз тилдериндеги басымдын мүнөздөмөсү” деп аталып кыргыз жана англис тилдериндеги сөздүк басымдын системаларындагы айырмачылыктар каралат. Басым кеп ишмердүүлүгүнүн табияты татаал жана көп кырдуу маселелерин өз кучагына камтыган зарыл талаптардын бири катары эсептелет. Анткени басымдын туура коюлушу аркылуу кептин сабаттуулугу, маданияттуулугу, сүйлөп жаткан адамдын адабий тилдин нормалары туурасында түшүнүгүнүн

бар экендиги да аныкталат. Мындан тышкары басымдын туура эмес коюлушу, же болбосо акцентуациянын туура эместиги сөздүн фонологиялык, ал эми кептин ыргактык жактан уюушулушуна кедергисин тийгизет.

Сөздүн тыбыштык формасы жалаң эле андагы тыбыштардын курамы жана алардын комбинаторикасы аркылуу айырмаланбай, ошондой эле тыбыштардын артикуляциясынын күчүнүн диференциациясы, созулушу жана башка белгилери аркылуу да аныкталат. Басым түшкөн үндүү күчтүү муундун негизин, ошону менен бирге анын айтылыш жана акустикалык бөтөнчөлүктөрүн аныктоо кызматын аткарат. Ал эми басым түшпөгөн үндүү белгилүү бир өзгөрүүлөргө дуушарланат. Атап айтканда, басым аркылуу басым түшпөгөн үндүүлөрдүн да артикуляциялык мүнөздөмөсү аныкталып, алар редукция кубулушуна туштугушат. Басым түшпөгөн муундардын редукцияланыш деңгээлдери кыргыз жана англис тилдеринде ар кандай болот.

Кыргыз тилинде басым түшкөн муундан обочо турган муундарда редукциянын деңгээли жогору болот. Англис тилинде, тескерисинче, редукция басым түшкөн муундун алдындагы муунда жана андан кийинки муунда алсыз болуп, ал эми басым түшкөн муундан обочо, алыс турган муундарда үндүүлөрдүн чыңалуусу күч алат.

Басымдын мүнөзү, сөздөн алган орду, сапаты жана кызматы тилдин фонетикалык түзүлүшү аркылуу аныкталат. Кыргыз жана англис тилдериндеги сөздүк басымдын системаларындагы айырмачылыктар акценттин келип чыгуусун шарттайт.

Үчүнчү баптын “Кабыл алынган сөздөрдөгү басым” деп аталган алтынчы параграфта европа тилдеринен кыргыз тилине кирген сөздөрдө басымдын туура айтылышы анализденет. Айрым бир учурларды эске албаганда, кыргыз тилиндеги басым башка түрк тилдериндей эле сөздүн акыркы муунуна түшөт. Андыктан кыргыз тилине түрк тилдеринен кирген сөздөрдө басым сакталып, натыйжада алардын кыргыз тилине тыбыштык жактан адаптацияланышы ийгиликтүү жүргөндүгү алардын кыргыз тили менен болгон тектештиги аркылуу түшүндүрүлөт.

Кабыл алынган лексика, белгилүү болгондой, бир компоненттүү жөнөкөй сөздөрдөн, ошондой эле эки же андан ашык этимон сөздөрдөн турган көп компоненттүү татаал сөздөрдөн турат. Бул өңдүү татаал жана жөнөкөй сөздөрдөгү басымдын түшүүсү өздөрүнө мүнөздүү тенденцияларга ээ болот.

Кабыл алынган сөздөр менен алардын баштапкы фомаларынын акценттик структураларындагы айырма, көбүнесе, татаал сөздөрдө ачык байкалат. Айталы, этимон сөздөрдөгү басым, эреже катары, биринчи компоненттин уңгусундагы муунга түшсө, ал эми кабыл алынган сөздөрдүн 82% басым кыргыз тилинде экинчи компонентке жылып кеткен (*'popcorn - поп'корн, 'barmen - бармен, 'off-shore - офф'шор*). Басымдын минтип жылып

кетиши, кыргыз тилинде кептин ыргагынын уюушулуш бөтөнчөлүгүнө, башкача айтканда, кептеги ыргактык тең салмактуулукту сактоо зарылдыгына байланыштуу болушу мүмкүн.

Татаал сөздөрдүн биринчи муунуна сейрек учурларда гана басым түшпөсө, көпчүлүк учурларда басым экинчи же үчүнчү муунга түшө тургандыгы белгилүү. Бирок ошондой болсо да кабыл алынган сөздөрдүн бир тобунда түп нуска тилдегидей басым, тактап айтканда, биринчи муунга түшүүсү сакталып калган (*'printer - 'принтер, 'rucksack - 'рюкзак, 'practice - 'практика).*

Айрым учурларда татаал сөздөрдөгү ыргактын дестабилизациясы кошумча басымдын пайда болушу менен нейтралдашат. Бирок мындай кошумча басым бардык эле сөздүктөрдө эске алына бербегени менен, сөздөрдүн айтылышында сакталат (*боди'билдинг, шоу'бизнес*).

Татаал сөздөргө салыштырмалуу жөнөкөй сөздөрдө түп нуска тилдеги баштапкы басымдын сакталуу деңгээли көбүрөөк. Мындай тенденция колдонулушу сейрек жана соңку мезгилдерде кабыл алынган сөздөргө басымдуулук кылат (*'pilling - пилинг', lifting- беттин терисин тарттыруу*). Ал эми акценттик структуралардын шайкеш келбөөсү төрт же андан көп муундан турган жөнөкөй сөздөрдө байкалат*('imigemaker-имидж'мейкер, 'primetime-праймтайм).*

Акыркы элементи *-ер, -инг* муундары менен аяктаган англицизмдер өзгөчө көңүл бурууну талап этет. Аталган элементтер менен аяктаган сөздөр кабыл алынган сөздөрдүн чоң тобун түзүү менен, басымдын түшүшүнүн өзүнчө тенденциясын жаратышкан. Атап айтканда, кабыл алынган мындай сөздөрдөгү басым кыргыз тилинде дээрлик акыркы муунган түшпөстөн, акыркы муундун алдындагы муунга түшөт. Башкача айтканда, мындай сөздөрдөгү акыркы муундар басымды өзүнүн алдындагы муунга тартат. Эреже катары, бул категориядагы сөздөр үч же андан ашык муундан турат жана алардагы басым сөздөрдүн баштапкы тилдеги вариантындагы басымга шайкеш келбейт (*e'lectorate-электо'рат, 'monitoring - мони'торинг*). Бирок кыргыз тилине башка тилдерден кабыл алынган эки муундан турган этимон тилдеги сөздөрдөгү басым менен реципиент тилдеги сөздөрдөгү басымга көпчүлүк учурларда шайкеш келет (*speaker - 'спикер*). Мындай өзгөчөлүк көбүнесе, эки муундан турган жөнөкөй сөздөргө мүнөздүү (*laptop - 'лэптоп,'online-онлайн 'imige-'имидж*). Сөз болуп жаткан тенденцияны кыргыз тилиндеги басымдын акыркы сөздүн акыркы муунуна түшүүсүнүн туруктуулугу аркылуу түшүндүрүүгө болот.

Үчүнчү баптын жетинчи параграфы "Англис тилиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын кеп агымында айкашып келишиндеги типтүү каталар". Өткөн параграфтарда айтылып өткөндөй, кыргыз тилиндеги

үндөштүк мыйзамы үндүүлөрдүн эрин күүсүнө жана тил күүсүнө карай үндөшүп келүүсү алардын сөздүн курамында келген артикуляциялык жана акустикалык мүнөздөмөлөрүн аныктаган тилдик кубулуш катары мүнөздөлөт. Бул мыйзам өз кезегинде үнсүз тыбыштарга да таасирин тийгизүү менен, алардын да акустикалык жана артикуляциялык өзгөчөлүктөрүн шарттап турат. Мындай кубулуш англис тилине мүнөздүү болбогондуктан, англис тилиндеги бир сөздүн чегинде эринчилдер жана эринсиздер, уччулдар жана артчылдар келе берет. Мындай тилдик өзгөчөлүк, өз кезегинде, кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн тилиндеги англицизмдердин айтылышында типтүү ката-мүчүлүштүктөрдүн келип чыгуусун шарттайт. Атап айтканда, бир сөздүн же синтагманын ичиндеги үнсүздөр менен үндүүлөрдүн айкашып келүүсүндө типтүү мүнөздөгү ката-мүчүлүштүктөрдүн орун алуусу атайын иликтөөнү талап этери талаш туудурбайт. Андыктан кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн кебиндеги англицизмдердеги үндүүлөр менен үнсүздөрүн айтылыш өзгөчөлүктөрүн иликтөө аркылуу төмөндөгүдөй типтүү мүнөздөгү каталарды белгилөөгө болот:

1. Кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн, жогоруда сөз болуп өткөн, үндөштүк мыйзамы англис тилиндеги сөздөрдүн айтылышына да таасирин тийгизет. Башкача айтканда, англис тилинен кабыл алынган сөздөрдү эрин жана тил күүсүнө карай үндүүлөрдүн үндөштүк талабына ылайык айтуу англис тилиндеги сөздөргө мүнөздүү эместиги каталардын келип чыгуусун шарттайт.

2. Эринчил үнсүздөр [w] менен катар келгенде үндүүлөрдүн эринчил артикуляцияга ээ болушу ***forward [ˈfɔːwəd]*** «чыдамсыздык менен күтүү» — ***[ˈforwud], onward [ˈonwud]*** «алга» — ***[onwud], sweep [swip]*** «шыпыруу» - ***[suwip], swept [swept]*** «шыпырдым» - ***[swopt]*** сыяктуу мисалдардан көрүнөт.

3. Эгерде экинчи сөз үндүү менен башталса, биринчи сөздүн аягында келген үндүүнүн сыйлыгышуусун ***who is? [hu: iz]*** «ким?» — ***[hu:z], my evening [mai iviniŋ]*** «менин кечем» - ***[maiviniŋ], every adult [evri edalt]*** «ар бир чоң киши» - ***[evredalt]*** өңдүү сөздөрдүн айтылышынан көрүүгө болот.

4. Кыргыз тилине сөз башында эки үнсүздүн катар келүүсү мүнөздүү эмес болгондуктан, кыргыз улутундагылардын англис тилиндеги эки үнсүздүн катар келүүсү менен башталган сөздөрдү айтуусунда каталар орун алат.

ЖЫЙЫНТЫК

Диссертациялык иште англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн акценттик структурасын эксперименталдык-салыштыруу багытында изилдөөнүн алкагындагы коргоого коюлган жоболордон тышкары төмөндөгүдөй бир катар корутундулар чыгарылды:

1.Кыргыз тилине англис тилинен кабыл алынган сөздөрдө басым сөздүн акыркы муунуна (акыркы же акыркы муундун алдындагы муунга) тартылуу

бөтөнчөлүгүнө ээ болот. Мындай өзгөчөлүк түп нуска тилдеги басымдын ордуна шайкеш келбейт.

2.Кыргыз тилине кабыл алынган англицизмдердин акценттик структурасынын өзгөрүүсүнө таасирин тийгизген тилдик негизги факторлордун бири – формалдуу аналогия фактору. Акцентуациянын кошумча тибине ээ болгон сөздөр структуралык жактан ага жакын сөздөрдөгү акцентти теңдөө өзгөчөлүгүнө ээ болот. Мындан акценттин орду акыркы элементке көз каранды экендиги туурасындагы жыйынтыкка келебиз. Анткени *-инг* же *-ер (-ор)* элементтери кабыл алынган сөздөрдө басымды өзүнүн алдындагы муунга түшүүсүн шарттайт.

3. Изилдөө ишинин алкагында жүргүзүлгөн социолингвистикалык эксперименттин жүрүшүндө басымдын түшүү ордуна таасирин тийгизген төмөндөгүдөй айрым экстралингвистикалык тенденциялар аныкталды:

а) англис тилин билүү жана билбөө (англис тилинде сүйлөгөн информанттар англис тилинен кабыл алынган сөздөрдү аталган тилдин акценттик нормаларына ылайык айтышат);

б) курактык өзгөчөлүктөр (англис тилинин акценттик структурасы жаштардын кебинде басымдуураак кылат);

в) аймактык өзгөчөлүктөр (шаар тургундарына салыштырмалуу айыл аймактарында жашагандардын тилинде кабыл алынган сөздөрдүн акценттик структуралары өзгөрүүлөргө көбүрөөк учурайт);

4. Англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн акценттик структурасынын варианттарга ээ болуусуна, тилдик жана тилдик эмес башка факторлордун катарында, кабыл алынган сөздөрдүн массалык маалымат каражаттарында колдонулуш жыштыгы да таасирин тийгизет. Күнүмдүк сүйлөшүү практикасында, ошондой эле массалык маалымат каражаттарында колдонулушу сейрек кабыл алынган сөздөрдөгү басымдын ар кандайча коюлушу анын адаптацияланыш деңгээлинин төмөндүгүнүн көрсөткүчү катары бааланууга тийиш.

5. Учурда орус тилдүү чөйрөдө англис тилинин кеңири жайылуусу англицизмдердин түп нуска акценттик структураларын сактап сүйлөө тенденциясынын жаратууда. Мындай тенденция күнүмдүк сүйлөшүү практикасынан тартып массалык маалымат каражаттарына чейинки масштабда байкалууда. Андыктан соңку мезгилдердеги лексикографиялык булактарда башка тилдерден кирген сөздөрдүн мүмкүн болгон эки варианты белгиленип жүрөт: биринчи вариант катары кабыл алынган сөздөрдүн акценттик структураларын кыргыз тилинин акцентологиялык нормаларына ылайык өзгөртүү саналса, экинчи вариант катары кабыл алынган сөздөрдүн түп нуска тилдеги акценттик структурасын өзгөртпөстөн, кеп агымында ошол калыбында колдонуу эсептелет.

Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү илимий эмгектерде чагылдырылды:

1. Сооронкулова, Н.А. Фонетические особ-ти заимствованных слов в кырг. языке [Текст] / Н.А. Сооронкулова // Вестник, КНУ им. Ж. Баласагына.- 2014.- С.183-186.

2. Сооронкулова, Н.А. Постановка англ. произношения [Текст] / Н.А. Сооронкулова // Вестник, КГУ им. Арабаева.- 2015.- С.139-141.

3. Сооронкулова, Н.А. Фонетические особенности англ-х согласных звуков в заимствованных словах [Текст] / Н.А. Сооронкулова // Вестник, КГУ им. Арабаева.- 2015.- С.80-83.

4. Сооронкулова, Н.А. Фонетическая адаптация англ-х заимствованных слов [Текст] / Н.А. Сооронкулова // Новое слово в науке // Сборник материалов II Международной научно-практической конференции. Чебоксары - 2017.- С.220-223.

5. Сооронкулова, Н.А. Англ. заимствования в кырг.языке. Причины заимствования [Текст] / Н.А. Сооронкулова // Вестник, КРСУ. - 2018.- С.100-101.

6. Сооронкулова, Н.А. Влияние англицизмов на лексику кырг.языка / Н.А. Сооронкулова // Вестник, КРСУ.- 2018.- С. 102-103.

7. Сооронкулова, Н.А. Генезис звуковой природы заимствованных слов в кырг.языке [Текст] / Н.А. Сооронкулова // Актуальные вопросы образования и науки.- Архангельск, 2019.- С. 119-121.

8. Сооронкулова, Н.А. Фонетические особенности английских заимствованных слов [Текст] / Н.А. Сооронкулова // Актуальные вопросы образования и науки.- Архангельск, 2019.- С. 122-124.

9. Сооронкулова, Н.А. Английские заимствованные слова в кыргызском языке.[Текст] / Н.А. Сооронкулова // Вестник Кыргызстана, 2020.- С.117-120.

10. Сооронкулова, Н.А. Значение ассимиляции заимствованных слов [Текст] / Н.А. Сооронкулова // Современные концепции научных исследований. – Москва, 2021. - С. 33-36.

Сооронкулова Назиранын
“Англис тилинен кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрү” аттуу темада
10.02.20- тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин
РЕЗЮМЕСИ

Негизги сөздөр: *фонетика, фонология, кабыл алынган сөздөр, фоностилистикалык каражаттар, интерференция, басым, акцент, интернационализмдер, англицизмдер, ассимиляция, өздөштүрүү, калькалоо, этимон сөз, түп нуска тил, орток-тил.*

Изилдөөнүн обьектиси - кыргыз тилинде сүйлөөчүлөрдүн англис тилинен кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрү.

Изилдөөнүн предметин англис тилинен оозеки жол аркылуу кабыл алынып, адаптацияланган жана кептин ар кандай стилдеринде пайдаланылган сөздөр түздү.

Изилдөөнүн максаты. Кыргыз тилине кабыл алынган лексикалык бирдиктерди фонетикалык деңгээлде илик жүргүзүү менен, алардын кыргыз тилиндеги тыбыштык курамы жана англис тилиндеги этимондорунун тыбыштык түзүлүшүндөгү бөтөнчөлүктөрүн салыштырып, лексикалык бирдиктердин ар кандай социалдык топтор тарабынан айтылышындагы варианттарды аныктоо.

Изилдөө методдору. Изилдөөдө сыпаттама, системалык анализ**,** салыштырма-типологиялык, социолингвистикалык анализ, лингвостатистикалык эсеп **методдору** жана ык-амалдары колдонулду. Атап атканда, салыштырма-типологиялык методдун негизинде кыргыз тилине кабыл алынган сөздөрдүн фонетикалык, тагыраак айтканда, акценттик структурасынын мүнөздөмөсү анын англис тилиндеги прототиптерине салыштырылып иликтөөгө алынды.

Изилдөөнүн негизги натыйжалары:

1) Англицизмдердин кыргыз тилине кабыл алынышында алардын акценттик структураларынын өзгөрүүсү боюнча теориялык изилдөөлөргө анализ жасалды;
2) Англис жана кыргыз тилдеринин типологиялык системасынын, өзгөчө фонетикалык жана акценттик бөтөнчөлүктөрү, кабыл алынган лексика реципиент тилде бир нече варианттарда айтылуусу далилденди;
3) Массалык-маалымат каражаттары кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн сөздүк запасын англис тилинен кирген сөздөр менен толуктап турган негизги булактын ролун аткаруу менен, ошол эле учурда англис тилинен кирген сөздөрдөгү акценттик компоненттин калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизүүсү аныкталды;
4) Басымдын кабыл алынган сөздөрдүн тигил же бул муунуна коюлушунда адамдын кеп маданиятынын деңгээли, кесиби, англис тилинде сүйлөй алуусу же албоосу жетектөө ролундагы факторлордун милдетин аткаруусу далилденди.

Колдонулуу чөйрөсү: Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктардын тилдик каражаттардын өз ара аракетке кирүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө багытындагы илимий иштерде колдонуу зарылдыгын түшүндүрүү. Ал эми академиялык билим берүү жаатында иштин жыйынтыктарын фонетика боюнча атайын курстарда, англис жана кыргыз тилдеринин салыштырма-типологиясы, кеп маданиятынын теориясы жана практикасы курстарында пайдалануу сунушталат.

РЕЗЮМЕ

диссертации Сооронкуловой Назиры на тему “ Фонетические особенности английских заимствованных слов в кыргызском языке” на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.20 сравнительно-историческое, типологическое и сопоставительное языкознание.

Ключевые слова: *фонетика, фонология, заимствование, фоностилистические средства, интерференция, ударение, акцент, интернационализмы, англицизмы, ассимиляция, калькирование, слова этимон, язык-источник, язык-посредник.*

Объект исследования - фонетические особенности английских заимствованных слов носителей кыргызского языка.

Предмет исследования – заимствованные слова из английского, адаптировавшиеся в кыргызском языке и используемые в различных стилях речи.

Цель исследования состоит в том, чтобы на фонетическом уровне проанализировать заимствованные лексические единицы, выявить тенденции произнесения вышеупомянутых заимствований различными социальными группами и определить наиболее произносительные варианты.

Метод исследования. Основные компоненты фонетического строения иноязычных слов рассматриваются с помощью комплексной **методики:** сопоставительно-типологического сравнения, социолингвистического анализа и статистического подсчета. При помощи сопоставительно-типологического метода сравнивались характеристики фонетической, в частности акцентной, структуры заимствованного слова в кыргызском языке и его прототипов в английском.

Полученные результаты и новизна исследования:

1) Проведен анализ теоретических исследований по изменению акцентных структур англицизмов при их принятии в кыргызский язык;
2) Доказаны особенности типологической системы английского и кыргызского языков, особенно фонетические и акцентные особенности, наличие принятой лексики в нескольких вариантах на языке реципиента;
3) Значительное воздействие на формирование акцентного компонента оказывают средства массовой информации как основной источник пополнения словарного запаса носителей кыргызского языка иноязычными словами;
4) Уровень речевой культуры, профессиональная принадлежность, знание английского языка также являются детерминирующими факторами в постановке ударения в заимствованных словах.

Область применения: Результаты могут быть использованы в научных исследованиях при описании особенностей взаимодействия языковых средств. Результаты работы могут быть использованы в спецкурсах по фонетике, теории и практике культуры речи, а также по сравнительной типологии английского и кыргызского языков.

RESUME

of the dissertation by Nazira Sooronkulova on the theme "Phonetic features of borrowed words in Kyrgyz language", to receive a scientific degree of a candidate of philological sciences on the specialty 10.02.20 - comparative-historical, typological and contrastive linguistics

Key words: *phonetics, phonology, borrowing, phonostylistic means, interference, stress, accent, international words, anglicisms, assimilation, calque, etymon words, source language, intermediary language.*

The object of the study is the phonetic features of English loanwords by native Kyrgyz speakers.

The subject of the study is borrowed words from English, adapted in the Kyrgyz language and used in various styles of speech.

The aim of the research is to analyze borrowed lexical units at the phonetic level, identify trends in the pronunciation of the aforementioned borrowings by various social groups and determine the most pronounced variants.

Research methods. The main components of the phonetic structure of foreign words considered using a complex **methodology:** comparative-typological comparison social-linguistic analysis and statistical calculation. Using the comparative typological method compared characteristics phonetic, particular accent structure of the borrowed words in Kyrgyz language with the prototype in English.

Key findings and the novelty of the research:

1) Analysed theoretical studies on changing the accent structures of English borrowings in receiving into Kyrgyz language.
2) The features of the typological system of the English and Kyrgyz languages, especially phonetic and accent features, the presence of the accepted vocabulary in several versions in the language of the recipient have been proved;
3) The mass media have a significant impact on the formation of the accent component as the main source of replenishing the vocabulary of Kyrgyz speakers with foreign words;
4) The level of speech culture, professional affiliation, knowledge of the English language are also determining factors in the formulation of stress in borrowed words.

Scope of application. The results can be used in scientific research to describe the features of the interaction of language tools. The results of the work can be used in special courses on phonetics, theory and practice of speech culture, as well as on the comparative typology of English and Kyrgyz languages.